## *ПСИХОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ*
## *ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ*
## *PSYCHOLOGICAL SCIENCES*

***DOI:10.26104/NNTIK.2022.1.6.031***

***Досалиева М.М.***

# ЛИЧНОСТТУН КАЛЫПТАНЫШЫНДА КЫРГЫЗ ЭЛДИК КААДА-САЛТТАРДЫН РОЛУ

***Досалиева М.М.***

# РОЛЬ КЫРГЫЗСКИХ НАРОДНЫХ ТРАДИЦИЙ В ФОРМИРОВАНИИ ЛИЧНОСТИ

***M. Dosalieva***

# THE ROLE OF KYRGYZ FOLK TRADITIONS IN THE FORMATION OF PERSONALITY

*УДК: 392.3*

*Бул макалада бала тарбиялоодо үй-бүлөлүк каада-салттардын орду чоң экендиги, ошол аткарылып жаткан каада-салт аркылуу бала туугандарга карата жакындык сезими, боор берүүсү калыптанып, батанын күчүн сезип, эмоциялык кубат алып, өзүнө ишенүү пайда болору ачылып берилди. Кенже мектеп курагындагы балдар аткаруучу элдик салттардын бири колго суу куюу жана анын жол-жоболору кантип аткарылары жөнүндө айтылды. Колго суу куюу мезгилинде берилчү баталардын күчүн сезип, берилген баталардын маанисин аңдап түшүнүүгө, бата берүү кыргыз маданиятынын эң бир керемет салттарынын бири экендиги, элибиздин асыл ой максаттарынын батада камтылышы ачылып берилди. Кыргыз элинин каада-салттарын тарбиялык сааттарда, класстан тышкары окууларда атайын тема кылып берүү менен улуттук аң-сезимдин калыптануусуна, улутун сүйүүгө тарбиялоонун бир жолу экендиги айтылат.*

***Негизги сөздөр:*** *каада-салттар, ырым-жырымдар, үрп-адаттар, баалуулуктар, магиялык күч, эмоционалдык дүйнө, социалдык адаптациялоо, бата берүү, колго суу куюу.*

*В данной статье раскрывается огромное значение семейных традиций в воспитании детей, чувство близости с родственниками ребенка через эти традиции, формируется сострадание, чувствует силу благословения, приносит эмоциональную силу и веру в себя говорят, что одним из способов воспитания национального самосознания и любви к нации является уделение традициям кыргызского народа, особой темы на учебных занятиях и внеклассных мероприятиях. А также рассказывается об одном из народных обрядов, которые совершали дети младшего школьного возраста – обливания рук водой и процедура выполнения этого обряда. Выявлена ещё одна из прекраснейших традиций кыргызской культуры во время обряда обливания рук водой – благословение, если понимать смысл, то чуствуется сила благословения и благородные мысли нашего народа.*

***Ключевые слова:*** *традиции, обряды, обычаи, ценности, магическая сила, эмоциональный мир, социальная адаптация, благословение, омовение рук.*

*This article reveals the great importance of family traditions in raising children, a sense of closeness with the child's relatives through these traditions, formed the compassion, feels the power of blessing, brings emotional strength and self-confidence. One of the ways to educate national identity and love for the nation is to devote to the traditions of the Kyrgyz people, as a special topic in the classroom and extracurricular activities. It also tells about one of the folk rituals performed by children of primary school age - washing hands and the procedure for performing this ritual. Another of the most beautiful traditions of the Kyrgyz culture was revealed during the ritual of washing hands - a blessing, if you understand the meaning, then you feel the power of blessing and the noble thoughts of our people.*

***Key words:*** *traditions, rituals, customs, values, magical power, emotional world, social adaptation, blessing, washing hands.*

Бул ааламда жашап жаткан ар бир эл өз жашоосунун узак мезгилинде калыптанган каада-салттары жана баалуулуктары менен айырмаланып келишет. Көптөгөн жылдар аралыгында айрым көз караштар, адаттар, түшүнүктөр, тажрыйбалар мезгил оош-кыйышы менен бирге, кийинки муундар тарабынан сыналып, өркүндөтүлүп келген. Кыргыз элиндеги каада-салттар да турмуштун ар кандай кырдаалдарына жараша улам кийинки муунга берилип келе жаткан элибиздин руханий дөөлөтү болуп эсептелет. Бирок доор алмашкан сайын, баалуулуктар да өзгөрүп, орун алмашып, коомдо жашаган адамдардын баалуулуктарга болгон көз караштары да өзгөрүп бара жатат.

Ал эми азыр улуттук өздүк жоголуу коркунучунда турган мезгилде, нарк билген аксакалдарыбыздын жарымы араб, жарымы орустун түшүнүгү менен насаат айтып турган чакта, кыргыз элдик каада-салттарды кармануу улуттун өз алдынчалыгын саткап калуунун жолу деген пикирди алдыңкы иш мерчемине чыгарып отургандыгы бекеринен эмес.

Адабий булактарга таянсак, баалуулук багыттарын талдоо проблемасы совет доорундагы окумуштуулардын көңүл борборунда болгонун көрсөтөт. Алардын пикири боюнча, баалуулуктар личносттун структурасынын эң маанилүү курамдык бөлүгү болуп жана личносттун жалпы багытын аныктайт. Алар

кулк-мүнөз менен жүрүм-турумдардын мыйзамда жазылбаган эрежелери экендигин айтып кетишкен. Маданияттын баалуулуктарын, каада- салттардын динамикасын Л.И. Маленкова, И.С. Кон, үй-бүлө баалуулуктары жөнүндө жалпыланган жана тереңдетилген идеяларды В.Н. Дружинин, С.Г. Вершловский, М.Д. Матюшкиндер изилдеген.

Кыргызстанда Н.Асипова, А.Алимбековдор педагогикалык багытта коюлган проблемага токтолушкан. Бул проблеманы психологиялык өңүттө Ч.А. Шакеева жана Т.А. Коңурбаевдер изилдешкен. Ч.А. Шакеева заманбап шартта жаштардын психикалык бакубаттуулугуна жана маанайына өзгөчө көңүл буруу менен жаңы социалдык-экономикалык шарттарда кыргыз жаштарынын баалуулук багыттарынын көйгөйлөрүн изилдеген. Ал жаштардын баалуулук багыттарынын калыптанышына бүгүнкү күндөгү факторлор чоң таасирин тийгизет деп эсептейт. Ал өз ишинде көптөгөн жаштар өздөрүнүн баалуулукка болгон көз карашын өзгөртүп, коопсуздукка, көз карандысыздыкка, кадыр-баркка көбүрөөк артыкчылык берип жатканын белгилейт [7, 413-б.].

Т.А. Конурбаевдин изилдөөсүндө мектепке чейинки курактагы балдардын баалуулук багыттарын калыптандыруу проблемасы каралып, мектепке чейинки курактагы балдардын баалуулук багыттарын калыптандырууда кыргыз элдик каада-салттардын маңызын жана нарктык-насилдик маанисин ачып берет. Т.А.Коңурбаев, кыргыздын элдик каада-салттарынын тарбиялык мааниси ачып, кыргыз элдик каада-салттарында балага болгон сүйүү жана камкордукту катылгандыгын баса белгилеген. Ал өзүнүн эмгегинде мектеп жашына чейинки балдардагы баалуулуктардын калыптандырууда элдик каада-салттардын таасир чоң экендигин далилдейт [5, 143-б.].

Эгер элибиздин карт тарыхына назар салсак, кыргыз элинин ар бир каада-салтынын мааниси бар экендигин байкоого болот. Бир эле баланын төрөлүшүнө жана торолуп чоңоюшуна байланышкан каада-салттарга бүгүнкү күн үчүн зарыл болгон маанилүү психологиялык маалыматтар катылган. (“Сүйүнчү”, “Азан”, “Ат коюу”, “Көрүндүк”, “Тушоо кесүү” ж.б.) [6, 61-б.]. Мына ушундай каада-салттарыбыз биздин жашообузду көркүнө чыгарып эле турбастан, психологиялык мааниге ээ болуп, социалдык адаптациялоо милдетин да аткарат, калктын турмушундагы туруктуу социалдык, маданий жана тиричиликтик ченемдерди чагылдырып, коомдун социалдык биримдикте өнүгүүсүн шартайт. Каада салттарды ишке ашырууда ар кандай ырым-жырымдар шөкөттөп көркүнө чыгарып турат.

Үрп-адаттар – массалык адаттардын, каада-салттардын жана коомдук пикирдин күчү менен расмий эмес түрдө «мыйзамдаштырылган» жана көптөгөн адамдардын иш-аракеттери менен стихиялуу түрдө кайра жаралган жүрүм-турумдун жалпы таанылган нормалары [3, 225-б.].

Үрп-адаттар коомдук жүрүм-турумдун салттуу түрдө белгиленген эрежелери.

Каада-салттардын арасында чоңойгон балада кыргыздын таалим-тарбиясы байкалып, кыргыздын нукура кыз-жигиттери пайда болуп, келечекте элин, жерин сүйгөн патриттор тарбияланышын эч ким жокко чыгара албайт.

Улуулар сүйлөп жатканда сөздү бөлбөө, унчукпоо, чыдоо, жана улууну урматтоо, жана башка коомдо өзүн алып жүрүү эрежелери үй-бүлөдө үйрөтүлгөн. Дүйнөнү туура таануу ар бир улуттун маданиятына таандык болгон өз эне тили аркылуу жүргөндүктөн, ата-эненин ар бир жасаган кыймылы бала үчүн тарбия болуп саналып, улуттук стереотиптер калыптанган.

Үй-бүлө мүчөлөрү мурункудай биргеликте бир дасторкондо отуруп, биринин сөзүн бири тыңдабай калды. Тамактануу мезгилинде гана бирге отурганы болбосо, бирин-бири угуп тыңдоо жок. Жашообузга кол телефондор кирип келгенге чейин баары бирге отуруп сүйлөшчү, өткөн-кеткенден кеп козгошчу, болуп жаткан жаңылыктарды бири-биринен угушчу, жада калса азыр баарлашуу да жоголуп баратат. Бирок замандын өз агымына тарбияны таштап коюга болбойт. Ата-эне сөзсүз жолун кандай болсо да издеш керек. Бирге тамактануудан кийин, баары биргеликте бата кылуу элибиздин керемет салттардын бири экендигин, батада канчалаган ой-тилектер, каалоолор айтыларын, магиялык күчкө ээ экендигин балдарыбызга жеткирүү ар бир ата-эненин милдети болуп саналат.

Бата кылуу Ак бата берүү кыргыз маданиятынын эң бир керемет салттарынын бири. Салттуу кыргыз маданиятында ак батанын күчүнө аябагандай ишенишкен жана азыркы күнгө чейин ынанып келишет. Ошондуктан ар бир кыргызмын деген жаран ак батанын күчүн сезип, ар кандай кырдаалга бата алып, анын кереметтүү сыйкыр күчүнө баш ийип, батасыз жүргөн эмес. Энелер дайыма баланын келечеги үчүн кам көрүп, алакан жайып, басса -турса баласына өмүр тилеп, ден соолугун тилеп дуба кылып отурушкан. Азыркы мезгилде ушул керемет салтыбыз жаштар арасында анчалык мааниге ээ болбой баратканы өкүндүрөт.

Ошондуктан кенже мектеп жашындагы балдар арасында атайын тарбиялык саат катары “Бабалардан ак бата”, “Батанын түрлөрү”, деген темада класстан тышкары окуу уюштурсак болот. Бул окууда батанын ар кандай түрлөрү менен тааныштырылып, элибиздин асыл-ой максаттары ушул батада чагылып турганын аңдатуу менен, батанын керемет күчүн жаштайынан сезе билүүгө муктаждык жаратышыбыз керек. Бата кылуу ар үйдө аткарылат. Бирок ошол алаканды жайып бата кылуунун ичинде канчалаган ой-тилектер камтылып турганын ар бир бала эле аңдап туя бербесе керек. Ошондуктан бата берүү жөрөлгөлөрү камтыл-

ган жомоктор, аңгемелер тааныштырып, “бата деген эмне?” деп суроо салуу менен баланын кызыгуусун арттырып, батага кулак төшөп тыңшоосуна жол ачышыбыз керек. Бата бул – жан дүйнөнү аруулаган улуу сөз. Бата бул – адамды жамандыктан арылтып, демине дем кошуп, жакшылыкты чакырган, аруулукту ыроологон, суук сөздөн калкалаган калканч болуп эсептелет. Кенже мектеп жашындагы балдардын билиминин бир бөлүгү катары каада-салттарды кароо менен мектептерде атайын сабак кылып окутулушу замандын талабы деп эсептейбиз.Анткени азыркы ааламдашуу доорунда салт-санаага анчейин маани берилбей, эскичилик катары каралып, четке сүрүлүп чыгып жатат. Өзүбүздүн улуттун аң сезиминде кыттай уюган, каада-салттарыбыздын ордуна исламдашкан маданият кирип келүүдө. Муун алмашып, заман жаңыланган сайын Бата сыяктуу баалуу жөрөлгөлөрдөн алыстап баратабыз. "Атаңдан бото калбасын, бата калсын" - деп байыркы кыргыз элинде батага абдан терең маани беришип, кадыр тутушкан. Уул-кызга батанын кереметтүү экендигин жаштайынан үйрөтүп, дилгир чоңойтуп, батанын баасын акыл-эсине кыттай уютушкан. Ал эми улуулар болсо бала-чакасы, небере-чөбөрөсү, укум-тукумуна чейин бата алып берүүгө умтулушкан..

**Түрлөрү:** Бата – жашоо-шарт жагдайына жараша көп түргө бөлүнөт. Алсак: жаңы конушка алынган бата, бала төрөлгөндөгү бата, ат коюудагы бата, бешикке салуу батасы, тушоо кесүү батасы, мал союлгандагы бата, үрөн себүүдөгү бата, жалпы элге бата, жаш жубайларга бата, уулга бата, кызга бата, айтор, санай берсе дагы көп [9].

Ал эми кенже мектеп жашындагы балдарга бата алуунун колго суу куйганда берилчү түрүнүн маанисин аңдатуу менен, колго суу куюуу маданиятын түшүндүрүп, тарбиялык саат уюштурсак болот. Аштойлордо конок тосууда, дегеле үйгө мейман келгенде, колго суу куюу үчүн тестиер балдарды жумшашкан. Колго суу куюунун да өзүнчө адеби болгон.

Колго суу куйган балага:
Булактай тунук бол,
Төбөсү бийик улук бол!
Кичүүгө өрнөк бол,
Жакшылыкка өнөк бол!
Эне сүтүн актаган,
Эр-азамат жигит бол!
Келечекке билик бол! - деп алкоо айтылган. Суу куйган балага суудай өмүрүң узун болсун, бактылуу бол, деген жылуу сөздөр айтылган.

Улуулар колго суу куйган же бир ишине кичи пейилдик менен кол кабыш кылган балдарга «Өмүрүң узун болсун!», «Өмүрлүү бол!», «Көп жаша!», «Менин жашыма жет!» - деп алкоо, баталарын беришкен [8, 74-б.]

Адатта, көбүнчө эркек бала колго суу куюушу шарт сол ийинге илип, чылапчынды четинен кармап, жылымык суусу бар кумганды же чайнекти оң колго кармап, эт жээрде солдон оңду көздөй карай меймандын колуна акырындан бөлүп-бөлүп, чачыратпай куюш керек. Ошондо колун жууп аткан адам: “Тилегиңди берсин”, “бар бол”, “өмурлүү бол”, “ойлогон оюңа, тилеген тилегиңе жет” өңдүү баталар берилет. Эт желип, бата тиленип бүткөндөн кийин суу оңдон баштап солго (аяк өйдө) куюлат. Баталар кайра берилет. Балага суу куйдуруу салт. Анда конокту сыйлоо адеби жатат. Мындан бала-бакыра таалим-тарбия алат [1].

Баланы кичинесинен элге жумуш кылуунун башат тарбиясы катары башкалардын колуна суу куйдуруп көндүрөт. Колго суу куюунун да өзүнчө эрежелери бар. Ал эми А.Акматалиевдин “Ак баталар” китебинде суу куюуунун төмөнкүдөй тартибин сунуштайт.

Келген коноктордун колуна суу куюу кыргыздарда бекем эреже менен аткарылган. Анын негизги эрежелери:

1. Суу куя турган чөөгүн таза, бүтүн (агып турбаган), капкагы бек жабылган болушу керек.
2. Суу куюла турган чылапчын түбү бүтүн, өзү таза жуулган болушу.
3. Чөөгүндөгү суу бейман кирген кезде куюлса, жылымык чабыштырылсын.
4. Дасторкон салына элек болушу керек.

Мына ушул шарттар даяр болгонун колго суу куюучу бала көңүлүнө туюп болгон соң анан суу куюуну баштайт. Суу куйганда төмөнкү тартипти сактайт. Дасторкон салынуунун (тамак тартылуунун) алдында колго суу куйганда, төр жактан баштап куят. Суу куйганда чылапчын жерге коюлуп, же жерге тиер-тийбес көтөрүлүп (сол жак кол менен) турат. Оң колдо чөөгүн сабынан кармалып, бармак менен капкагы этиятта басылып турат. Сууну үзүп-үзүп колдун жарымынан көбүрөөк жайылгандай ченемде үч мертеме куюлат. Шар куюп коноктун кийим-аягына суу чачыратууга, же тамчылатып куюп, конокту зарыктырып, келбээртип туруп алууга болбойт. Суу куйган бала (же киши) сөзсүз бүгүлүп туруп, ыйбалуу куюусу, мүрүгө арта салган сүлгүнү (суу жоолукту) башкы кишиге кош колдоп сунушу керек. Дасторконго бата кылынып, дасторкон жыйылган кезде колго суу куюуда ушул эреже боюнча болот. Мында окшобой турганы суу этектен төргө карай куюлат, суу мурдагыдан жылуулатылат. Мына ушул талаптар менен колго суу куйса, ар бир конок суу куйган балага айрым-айрым бата берген, же кыска ак тилек айткан [2, 53-б.]. Мына ушундай тартипте колго суу куюлган. Ушул эрежени тарбиялык саат катары башталгыч класс окуучуларына атайын сабак кылып окутса болот. Бул эрежелер менен тааныш болгон бала сөзсүз үйгө конок келгенде ушул салтты аткарууга ата-энесин мажбур кылат, ошону менен катар коноктордон бата алып, эмоционалдык жактан кубаттанып, батанын магиялык күчүн сезип,өзүнө болгон ишеничи артат.

Кандай гана той-тамаша өткөрүлбөсүн, бешик тойбу, тушоо кесүүбү, жада калса үйлөнүү үлпөтүбү, көңүл ачуу үчүн гана эмес, бата алып, балдардын жо-

лун ачуу, ишеничин бекемдеп, жаман сөз, жаман көздөн сактоо, жакшылыкка жанаштыруу максатында жасалып келген.

*Колго суу куйдуруунун дагы бир максаты катары "Жашоо сабагы" берүүсүндө "Бакдөөлөт" коомунун төрагасы Мелис Мураталиев төмөнкүлөрдү айтат: "Үй тегерете отурган меймандарга атайы колго суу куюу үчүн балдарды киргизген, бир чети туугандарга көз салып, туугандарын таанытуу болсо, экинчиден балага бата тилөө иретинде. Эң төрдө отурган аксакал ким, кандайча тууган болот мына ушуларды таануу үчүн да колго суу куйдурушкан. Ошол эле мезгилде аксакал киши да өз устуканын сунуп Ме, бул устуканды колго суу куйган балаңа берчи -деп устуканды үй ээсинин колго суу куйган баласына берген. Бул көрүнүштү улуу муун менен кичүү муундун байланышы катары карасак болот. Аксакалдын устукан сунушу менен ал "мендей болуп жүр"- деген түшүнүктү билдирген." Эми болсо мындай салттарыбыз жоголуп, барган жерден пакет көтөрмөй адатка айланып бара жатат.*

Байыртан эле кыргыздын жаштары улуулардын, акылман, каадалуу карылардын батасын алып, алардын сынынан өтүшүп, эл ишенимин актаган эр жигит болууну самашкан. Бабалардын ак батасы кийинки жаштарга накыл, осуят, ант, мыйзам сыяктуу болуп келген. Ак батаны нарктуу карылар көбүнчө ыр же жамактаткан накыл сөз менен айтышат. Бата бир эле жаштын жеке өмүрү, жакшылыгы үчүн гана багышталбастан, анын эл-журт үчүн кызмат өтөөсүнө тапшырма, чакырык ниетте айтылганы менен баалуу болуп эсептелген.

Орто азия элдеринде көп салттар окшош. Ушул эле колго суу куюу салтын алып карасак, өзбек элинде кыргыздарга караганда айрымаланат. Бизде эркек кишилерге деле, аялдарга деле эркек балдар колго суу куюшат, ал эми өзбек элинде эркектерге уул балдар, аялдарга кыз балдар суу куюшат. Колго суу куйганда берилчү баталар окшош эле. Бул көрүнүштү өзбек акыны, драматург, композитор Х.Х. Ниязинин "Майсаранын иши" драмасында ачык сүрөттөлөт.

Азыркы убакта ислам маданиятынын кирип келиши менен, жергиликтүү элге каада-салтты колдонууга тыюу салынып, «зыяндуу, керексиз» делинип атайын салттыбызды жээрип жаткан көрүнүштөр да жок эмес. Ошондой эле кыргыз элинин өмүр жолунда орчундуу баскычты ээлеген советтик доордогу советтик идеология улуттарды өзүнүн кылымдап топтогон руханий дөөлөттөрүнөн, башкача айтканда улуттук өзгөчөлүгүнөн, этномаданиятынан ажыратууга багытталган.

Ар бир улут, ар бир эл өзүн кылымдардан кылымга улут катары, эл катары сактап кала бериши үчүн тарыхтан өзүнүн түп башатын издеп, улуттук өзгөчөлүктөрүнө баа берип, коргой билиши керек.

Бирок мезгилдер өткөн сайын каада-салттар үрп-адаттар өзгөрүлөт. Бул нерселер нормалдуу эле көрүнүш, илгерки мезгилдеги салттар менен кийинки мезгилде пайда болгон жөролгөлөрдүн арасында айырмачылыктар бар. Күн сайын жашоо өзгөрүлүп жатат. Аламдашуу шартында маданий чек аралар да жоголуп, ар кайсы улуттун адамдары бири-бирин чоочун көз менен карабай калышты. Азыркы учурда маалыматтын баары ачык, башка элдердин баалуулуктары менен оңой эле таанышууга болот. Айрымдары жаштар арасында модага айланып баратса, айрымдары биздин салттар менен жуурулушуп кетип атат. Бирок, ошондой болсо да эл болгондон кийин салт –санаа кала бермекчи. Кылымдар бою кыргыздар жашап келген өз тилин, өз дилин, үрп-адатын сактап келишкен. Ааламдашуу дооруна шылтап улутубуздун жоюлуп кетишин күтүп отурбашыбыз керек. Убакыттын өтүшү менен кыргыздардын аты эле калбаса, улуттук баалулуктар жоголсо улут жоюлуп кетиши мүмкүн**.**

Макалабыздын акырында төмөнкүдөй жыйынтыкка токтолмокчубуз:

- Каада-салттарга карата тарбиялык сааттарды өтүү. (Колго суу куюу эрежелери, бата алуу, улуулардын батасы) ж. б элдик каада-салттардын фрагментин колдонуу менен уюштуруу;

- Жаш курак өзгөчөлүгүнө карап элдик салттарга аралаштыруу.

**Адабияттар:**

1. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби. - Б., 1999.
2. Акматалиев А. Каада-салттар-ак баталар. - Б., 2003. - 53-б.
3. Бим-Бад Б.М. Педагогическая энциклопедия [Текст]. Научное изд. / Б.М. Бим-Бад. «Большая Российская энциклопедия», 2002. - 225-б.
4. Волков Г.Н. Изобразительное искусство, методика обучения в 1-3 классах [Текст]. / Волков Г.Н., Глинская И.П. - М.: Ряданская школа, 2008. - 43-б.
5. Коңурбаев Т.А. Формирование ценностных ориентаций у старших дошкольников на основе кыргызских народных традиций. [Текст]: Дисс. … канд. псих. наук: 19.00.03 / Т.А. Коңурбаев. - Ташкент, 1999. - 143-б.
6. Орозалиев Э.С., Мусаева Н.К., Тентигенова А.И. Кыргыз элинин психологиялык ойлорунун өнүгүүсү. / Окуу куралы. - Б., 2017. - 61-б.
7. Шакеева Ч.А. Ценностные ориентации молодежи в новых общественно-экономических условиях: на примере Кыргызской Республики [Текст]: Дисс. … д-ра. псих. наук: 19.00.05 / Ч.А Шакеева. - Б., 1997. - 413- б.
8. Алимбеков А. Кыргыз эл педагогикасында балдардын ден соолугун чыңдоо жана өнүктүрүү тажрыйбалары. - 74-б. http://kao.kg.
9. https://sputnik.kg/20170127/bata-beruu-kaadasy-1031473759.html.
10. Рыскулова Г.У., Досалиева М.М. Ценности кыргызской семьи в воспитании детей. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 2. С. 272-276.